**М. РЫСКУЛБЕКОВ атындагы**
**КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Н .ИСАНОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ**

08.22.646 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК: 338.48 (575.2)**

**Бабосюк Антонина Викторовна**

# Туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүү (Кыргыз Республикасынын мисалында)

08.00.05 – экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу

**экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын изденип алууга карата жазылган диссертациянын**

**Авторефераты**

**Бишкек-2022**

Диссертациялык иш Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин туризм, меймандостук жана айлана-чөйрө кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Атышов Кобогон,**
экономика илимдеринин доктору,
Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин профессору

**Расмий оппоненттер:** **Дербишева Эльмира Дупеновна,**
экономика илимдердин доктору, доцент, Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин колледжинин деканы
**Саякова Сонунбюбю Шакильевна**,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз Республикасынан Илимдер Академиясынын Дж. Алышбаев атындагы экономика институтунун бөлум башчысы

**Ведущая организация:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экономикалык программалар жана башкаруу кафедрасы, дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси 27

Диссертациялык ишти коргоо 2022-жылдын 23- сентябрында саат 11.00дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин алдында экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 08.22.646 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт.

Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,Тоголок Молдо көчөсү-58.

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин жана Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин китепканаларынан таанышууга болот.

Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,Тоголок Молдо көчөсү-58; 720020, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. А.Малдыбаев көч, 34б.

Автореферат 2022-жылдын 28-июнунда таркатылды

диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, э.и.к., доцент — Кадыралиев А.Т.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, ишкердик рынок экономикасынын маанилүү элементи болуп саналат. Ишкердик экономикалык өсүштүн темпине, улуттук дүң продукциянын түзүмүнө жана сапатына таасирин тийгизет. Азыр биздин республикада ишкердиктин өнүгүшүнүн деңгээли өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасынын бул тармагынын өнүгүшүнөн алда канча артта калгандыгын белгилей кетүү керек.

Анын үстүнө, тилекке каршы, 2020-жылы COVID-19 дүйнөлүк пандемиянын тийгизген таасири башка өлкөлөрдөгүдөй эле Кыргызстандын туризминин негизги көрсөткүчтөрүнө да олуттуу терс таасирин тийгизди. Алсак, 2020-жылы 2019-жылга салыштырмалуу туристтик ишканалардын 15% ы иштебей калган, туристтердин саны 3,8 эсеге, ички дүң продукция 1,8 эсеге, экспорттук кирешелер 5,1 эсеге кыскарган, туристтик ишканалардын 15% жабылган. Бул болуп көрбөгөндөй терс көрүнүш убактылуу экени талашсыз. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары жана медициналык ачылыштар эртеби-кечпи бул маселени толук чечет деп ишенебиз.

Ишкердик ишмердүүлүктө өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашуу зор мааниге ээ эмес, негизги шарт - башкаруунун формасын жана ыкмасын рационализациялоодо туризм тармагында коомдук өндүрүштү өнүктүрүүнүн келечегин алдын ала көрө билүү, башкаруунун шарттарын өзгөртүү жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет.

Туризм чөйрөсүндөгү ишкердикте милдеттүү түрдө инновациялык учур болушу зарыл - бул жаңы туристтик кызматты, өндүрүштү, сапатты башкаруу системаларын, жаңы ыкмаларды киргизүү, өндүрүштү уюштуруу же заманбап технологиялар болуп саналат. Калктын спецификалык ар түрдүү туристтик кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрү туристтик ишканалар тарабынан гана эмес, башка тейлөө ишканалары тарабынан да канааттандырылат, бул туризм тармагында ишкердиктин өнүгүшүн изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

Туризм тармагындагы ишкердикти изилдөө маселесине С. Т. Абасова, Г. Х. Арсланова, А. Ю. Баранова, М. Б. Биржакова, М. Н. Дмитриева, А. П. Дурович, Н. И. Кабушкин, Л. А. Колесникова, А. Б. Крутика, Е. Е. Кузьмина, М. А. Морозова, М. М. Хисматуллина сыяктуу окумуштуулардын эмгектери арналган.

Кыргыз окумуштууларынын ичинен туризм комплексинде ишкердикти өнүктүрүүнүн айрым аспектилери Оторбаев К. О., Камчыбеков Т. К., Мусакожоев Ш. М., Койчуев Т. К., Чубурова Ж. Т., Атышов К. А., Самигуллин Е. В., Бекбоева М. А., Низамиев А. Г., Кочкорбаева М. Д. ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган

Азыркы шарттарда ишкердикти өнүктүрүү маселесин чечүүдө кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө, атап айтканда, туризм индустриясына олуттуу роль жүктөлгөн, ал чарба жүргүзүүнүн заманбап формаларын өнүктүрүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүк боло алат, анткени анын ишкердик ресурстарды тартуу үчүн потенциалы чоң, мисалы, өнөр жай комплекси сыяктуу ири инвестицияларды

талап кылбайт жана жумуш орундарын түзүү боюнча биринчи орунда турат. Республикабыздын талашсыз туристтик потенциалын жана учурда туризмдин өнүкпөгөндүгүн эске алуу менен экономиканын бул өзгөчө тармагына капиталды тартуу азыр өтө зарыл.

Ушуга байланыштуу туризм тармагындагы ишкердикти, анын инфраструктуралык комплексин эл аралык деңгээлге ылайык өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, республиканын жана анын аймактарынын экологиялык жактан абдан таза жаратылышын, рекреациялык ресурстарын натыйжалуу өздөштүрүү аркылуу туристтердин санын, туристтик экспорттун көлөмүн көбөйтүү талап кылынат.

Бул өз кезегинде диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугун, анын максаттарын жана негизги милдеттерин толук аныктайт.

**Диссертациянын темасынын билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн негизги илим-изилдөө иштери, ири илимий программалар (долбоорлор), артыкчылыктуу илимий багыттар менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризм тармагын өнүктүрүү программасын, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын, 2035-жылга чейин Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоо концепциясын ишке ашыруунун алкагында даярдалган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүүнү илимий-теориялык жактан негиздөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Бул максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлган жана ишке ашырылган:

1. туристтик комплексте ишкердикти өнүктүрүүнүн илимий-теориялык аспектилерин изилдөө;
2. туристтик комплексте ишкердиктин өнүгүшүнө дем берүүчү тышкы жана ички факторлорду аныктоо;
3. туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүүнүн объективдүү зарылчылыгын жана мүмкүнчүлүктөрүн негиздөө;
4. кластердик негизде туристтик ишмердүүлүктү калыптандыруунун стратегиялык багыттарын иштеп чыгуу;
5. туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүү үчүн инвестициялык колдоо көрсөтүү боюнча бизнес-пландарды иштеп чыгуу;
6. туризм тармагындагы ишкердикти мамлекеттик колдоону жөнгө салууну жакшыртуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы -** туризм тармагындагы ишкердик ишмердүүлүк боюнча теориялык жоболор, методологиялык жана практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөө процессинде төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынды:

– туристтик бизнести өнүктүрүүнүн мааниси жана анын экономиканын секторлор системасындагы ролу теориялык жактан негизделди;

– туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө таасир этүүчү тышкы жана ички факторлордун системасы аныкталды жана тереңдетилген изилдөөлөр жүргүзүлдү;

– туристтик жана рекреациялык потенциалды, өнүгүү тенденцияларын, туристтик ишкердиктин инфраструктурасын түзүүгө комплекстүү тармактык жана региондук изилдөө жүргүзүлдү;

– туристтик ишкердиктин негизги багыттарын изилдөөнүн негизинде региондо кластердик негизде стратегияны ишке ашыруунун натыйжалуулугу негизделди;

– келечекте туристтик ишкердикти өнүктүрүү, анын экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу, чет өлкөдөн туристтерди көбүрөөк тартуу максатында «Көчмөн» бизнес долбоору даярдалды, аны уюштуруунун негизги экономикалык көрсөткүчтөрү түзүлдү;

– туристтик ишкердикти жөнгө салууну жакшыртуу боюнча мамлекеттик колдоонун экономикалык чаралары жаатында сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн практикалык натыйжалары, далилдүү сунуштар, ошондой эле корутундулар туризм тармагын өнүктүрүүгө багытталган саясатты жүргүзүүчү мамлекеттик органдар тарабынан туристтик ишкердиктин стратегиялык багыттарын экономикалык жана уюштуруучулук жактан аныктоодо, туризмге байланыштуу аймактык перспективдүү долбоорлорго чет өлкөлүк инвестицияларды тартууда пайдаланылышы ыктымал. Диссертациялык изилдөөдө иштелип чыккан негизги жоболорду жогорку окуу жайларында «Кыргызстандагы туризм», «Туризмдин негиздери», «Туризм бизнесин башкаруу» ж.б. дисциплиналарды окутууда, магистрлердин, аспиранттардын, докоранттардын диссертациялык иштеринде пайдаланууга болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси** - туризм ишкердигин өнүктүрүүгө жана республиканын туристтик продуктыларын эл аралык туристтик рыноктордун сегменттеринде кеңейтүүгө салым кошот, кластердик мамилени колдонуунун негизинде региондук туристтик комплекстердин ишин жөнгө салууну жакшыртууга, ошондой эле ишкердик объектилеринин иштөө процессинде социалдык-экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө көмөктөшөт.

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

– теориялык, методологиялык ыкмаларды жалпылоонун негизинде туризмдик ишкердикти өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык мааниси, коомдогу, өлкөнүн экономикасынын тармактарындагы орду аныкталды;

– туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн калыптанышына, иштешине жана өсүшүнө тышкы жана ички факторлордун тийгизген таасирин комплекстүү изилдөө жүргүзүлдү, тиешелүү корутундулар чыгарылды;

– республиканын жаратылыштык-рекреациялык потенциалына комплекстүү баа берүү жүргүзүлдү, туристтик ишкердиктин абалы, өнүгүү

тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү, региондордун инфраструктурасын калыптандыруу изилденди. Кыргызстанга келген туристтердин саны менен алардан түшкөн акча каражаттарынын ортосундагы айырма бир катар мамлекеттердин көрсөткүчтөрү менен салыштырылды;

– туризмди өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоонун негизинде алыскы чет өлкөлөрдөн республикага жана анын аймактарына келүүчү туристтердин санын аныктоо үчүн жакынкы беш жылга (2022-2026-жж.) болжол даярдалды. Аймактык деңгээлде туристтик ишкердикти келечектүү өнүктүрүүгө кластердик мамилени колдонуунун стратегиялык багыттары иштелип чыкты;

– туристтик ишкердикти өнүктүрүү, алыскы өлкөлөрдөн туристтердин көп санын тартуу, республиканын жаратылышын жарнамалоону кеңейтүү, казынага каражат тартуу, жергиликтүү калкты иш менен камсыз кылуу максатында бизнес-долбоор иштелип чыкты, кирешелер-чыгашалар толук эсептелди, б.а. бул долбоордун экономикалык натыйжалуулугу негизделди;

– дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, туризм тармагын ийгиликтүү өнүктүрүү жана жөнгө салуу мамлекеттин катышуусу менен ишке ашат. Туристтик ишкердикти натыйжалуу өнүктүрүү үчүн республиканын туризм тармагын тейлеген мамлекеттик мекемелер биринчи кезекте дүйнөлүк рынокто улуттук туристтик кызматтарды, өнүмдөрдү калыптандырууну, маркетингдик, маалыматтык-инновациялык стратегияларды даярдоону ишке ашырышы керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн жана системалаштыруунун жыйынтыктары боюнча туристтик ишкердиктин өнүгүү тенденциялары, өнүктүрүүнүн негизги багыттары, ошондой эле мамлекеттик жөнгө салуунун бир катар экономикалык жана уюштуруу көйгөйлөрү аныкталып, аларды чечүү боюнча теориялык жана практикалык жактан негизделген сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын жыйынтыгын сыноодон өткөрүү.** Теориялык жана практикалык корутундулардын жана сунуштамалардын жыйынтыктары төмөнкү илимий-практикалык конференцияларда: «ЕАЭБ шарттарында ишкердикти өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык проблемалары», конференция мүчө-корреспондент, экономика илимдеринин доктору, профессор Ш.М.Мусакожоевдин 80 жылдык маарекесине арналган (Бишкек, 20-21-октябрь, 2017-ж.); Профессор Т.К.Камчыбековдун жана профессор К.А.Атышовдун 70 жылдыгына арналган жыл сайын өтүүчү Мусакожоев окууларынын алкагында «Азыркы Кыргызстандын экономикасы: көйгөйлөр жана өнүгүү келечеги» (Бишкек, 2019-жылдын 16-17-сентябрь); «Заманбап дүйнөдөгү илим жана билим: 21-кылымдын чакырыктары» (Астана, 20-22-октябрь, 2021-жыл); Экономика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти А.М.Молдокуловдун жана экономика илимдеринин доктору, профессор, ВАСХНИЛдин мүчө-корреспонденти А.У. Орузбаевдин 90 жылдыгына арналган жыл сайын өтүүчү Мусакожоев окууларынын алкагында “Интеграция шартында аймактарды өнүктүрүүнүн экономикалык маселелери” эл аралык илимий-практикалык конференция (Бишкек, 26-27-ноябрь, 2020-жыл) баяндалган жана сыноодон өткөрүлгөн.

**Диссертациянын натыйжаларын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациянын негизги жоболору РФнын жана КРнын рецензияланган илимий мезгилдүү басылмаларынын тизмесине кирген 10 илимий макалада 10,5 б.т. көлөмүндө чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация 178 барактан турат, киришүү бөлүгүн, 3 бап, 29 таблица, 6 сүрөт, пайдаланылган адабияттардын аталышын, тиркемени, корутундуну камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылык киргизүү даражасы, практикалык маанилүүлүгү, коргоого чыгарылган негизги жоболору аныкталат.

**«Туристтик тармакта ишкердикти өнүктүрүүнүн илимий-теориялык негиздери» деген биринчи бөлүмдө** туристтик комплекстик ишкердиктин маңызы жана концепциясы, туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө таасир этүүчү факторлор, туризмде ишкердикти мамлекеттик колдоонун эл аралык тажрыйбасы каралат [Гришин, С. Ю. Туризм: учурдагы илимий жана практикалык эскертүүлөр [Текст] / С. Ю.Гришин, А. Б.Крутик. - Санкт-Петербург. – Астерион, 2014. – 64 б.].

Ишкердик учурда тигил же бул өлкөнүн экономикасынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө ишкердик тез өнүгүшүнө жана натыйжалуулугуна байланыштуу чарбалык уюштуруунун башка түрлөрүнүн арасында негизги орунду ээлейт.

Эл аралык практикага ылайык, ишкердиктин, анын ичинде туризмдин негизги милдети ишканаларды жана мекемелерди башкарууну жөнгө салуу болуп саналат. Ишкер башкаруунун бул түрүнө тиешелүү ресурстук потенциалдын натыйжалуу пайдаланылышына, иш процесстерине инновациялык технологиялардын киргизилишине, прогрессивдүү ыкмаларды колдонууга, иштин жүрүшүндө келип чыгуучу тобокелдиктерге жана эң башкысы, аткарылган иштин натыйжасы үчүн түздөн-түз жооптуу экендиги менен айырмаланат.

Эгемендүүлүк 30 жыл ичинде Кыргызстанда ишкерлердин, жеке менчик ээлеринин жүз миңдеген катмарлары түзүлдү. Приватташтыруунун натыйжасында мүлктүн негизги бөлүгү жеке менчикке өткөндүктөн, мамлекеттин карамагында мекеме-ишканалардын айрым бөлүгү гана калган. Мына ушундай олуттуу өзгөрүүнүн натыйжасында бүгүнкү күндө Кыргызстанда башка мамлекеттердегидей эле ишкердиктин негизин чакан жана орто ишканалар түзүүдө.

Белгилей кетсек, коомдо, тактап айтканда калктын басымдуу бөлүгүндө, «ишкердик» жана «бизнес» терминдери синоним катары колдонулуп, бир эле маанини билдирген түшүнүк калыптанган. Бир караганда бул туура көрүнөт. Бирок, илимий талдоонун көз карашынан алганда, бул түшүнүктөр мааниси жагынан бир топ айырмаланат.

Ишкердик менен бизнестин айырмасын төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот. Ишкердик – бул өндүрүш же тейлөө тармагында жаңы бизнес-идеяларды ишке ашыруу, тактап айтканда, акча каражаттарын табуунун жаңы жолдорун издөө болуп саналат. Ишкердик бизнестен жаңы товар чыгаруу, модернизациялоо, же кызмат көрсөтүү жагынан айырмаланат. Ишкердик ишмердүүлүктү уюштуруу жана жүргүзүү процессинде бизнесте да тобокелчилик пайда болушу ыктымал.

Ишкер - киреше алуу максатында өнүгүү процессин, соода системасын, тейлөө чөйрөсүн өздүк же карыздык каражаттардын негизинде башынан аягына чейин уюштурган адам же адамдардын тобу. Уюштурулган тигил же бул туристтик ишкананын андан ары иштеши түздөн-түз бардык сарпталган каражаттардын толук акталышына жана тиешелүү пайданын алынышына жараша болот. Ошондуктан, ишкердин негизги максаты – ишти коммерциянын жардамы аркылуу уюштуруу, атап айтканда, өндүрүлгөн товарларды же кызматтарды билгичтик менен сатуу болуп саналат.

Буга чейинки тажрыйба көрсөткөндөй, ишкердикти жолго коюуга туура мамиле кылуу, өз кезегинде, туристтик кызмат көрсөтүү тармагында жетишээрлик өнүккөн рыноктук чөйрөнү калыптандырууга олуттуу салым кошот. Мындай рынок чарба жүргүзүүчү субъектилердин, тактап айтканда туристтик компаниялардын, фирмалардын, ошондой эле алар менен тыгыз байланышта болгон ар кандай туристтик инфратүзүмдөгү мекемелердин, ишканалардын негизги ишмердүүлүгүн аныктайт. Бул шартка ылайыктуу рынок түзүлсө, анда ал жерде сөзсүз түрдө ишкердик өнүгөт.

Рыноктук мамилелердин шарттарында бюджеттин бардык деңгээлдеринде туристтик ишкердик финансылык каражаттардын келип түшүү көлөмү боюнча экономиканын маанилүү жана келечектүү тармактарынын бирине айланууда. Бул көрсөткүчтүн негизинде көптөгөн өлкөлөрдө туристтик комплекс мамлекеттик деңгээлдеги олуттуу багыт болуп саналат, ошондуктан туризмдин негизги объектилерине – жаратылыш жана рекреациялык ресурстарга, тарыхый жана маданий эстеликтерге, архитектуралык кооз жерлерге туристтерди тартуу боюнча олуттуу чаралар көрүлүп, ишке ашырылууда. Туристтик бизнеске байланышкан мындай масштабдуу иш-чаралардын түпкү максаты – белгилүү бир өлкөдө же алардын аймагында кластерлерди түзүү, башкача айтканда, туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүү үчүн мамлекет тарабынан жеткиликтүү шарттардын түзүлүшү болуп саналат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө туризм ишкердигин өнүктүрүүгө ички жана тышкы факторлордун таасири ар түрдүү экендиги аныкталган. Эгерде тышкы факторлордун курамында табигый-рекреациялык жана маданий-тарыхый факторлор бизнестин бул түрүнө оң таасирин тийгизсе, демографиялык, экономикалык, эл аралык жана башка жагдайлар кырдаалга жараша оң же терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Туристтик ишкердиктин калыптанышына тышкы факторлор толугу менен кыйыр түрдө таасир этсе, анда ички факторлордун курамында керектөөчүлөр, атаандаштар, ортомчулар ж.б. ишкердиктин бул түрүнүн өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет.

**“Кыргыз Республикасындагы туристтик бизнестин өнүгүү деңгээли жана тенденциясы”** деп аталган экинчи бапта жаратылыш жана рекреациялык потенциал, инфратүзүм каралып, экономиканын туристтик тармагындагы ишкердиктин абалына жана өнүгүү тенденцияларына комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн объектиси** катары Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы ишкердик эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп Кыргыз Республикасынын туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүүнүн келечеги саналат.

**Изилдөө методдору**: диссертацияда изилдөө процессинде экономикалык, салыштырма, статистикалык, экономикалык-математикалык, системалык талдоо жана болжолдоо методдору колдонулган.

Туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүү боюнча коюлган максаттарга жетүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу үчүн биз бул чөйрөдөгү негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен жаратылыштык-рекреациялык потенциалга, инфратүзүмгө жана ишкердикти өнүктүрүүнүн абалына комплекстүү талдоо жүргүздүк.

Кыргызстан жаратылыш шарттары жана рекреациялык потенциалы боюнча типтүү тоолуу өлкө. Ал дүйнө жүзүндөгү эң кооз жана уникалдуу аймактардын бирине кирет. Жаратылыштык-климаттык шарттардын жана тоо ресурстарынын ар түрдүүлүгү, өз кезегинде, туризм ишкердигин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Жаратылыштык-рекреациялык ресурстарды өздөштүрүүнүн туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө тийгизген таасирин комплекстүү илимий жактан негиздөө туризм тармагын туура адистештирүүгө, экологиялык кемчиликтерге жол бербөөгө мүмкүндүк берет. Республиканын региондорунун жаратылыштык-рекреациялык потенциалына экономикалык баа берүү өз кезегинде туристтик ишканаларды туура жайгаштырууга, тиешелүү инфратүзүмдү түзүүгө жана туристтер массалык түрдө келген аймактарда жаратылышка жүктөмдү жөнгө салууга олуттуу салым кошот.

Учурда өлкөгө кирүүчү жана ички туризмдин туристтерди тейлөөчү бир катар тармактары калыптанууда жана өнүгүп жатат. 2019-жылдын маалыматы боюнча Кыргызстанга келген туристтердин саны 1778,9 миң адамды түздү же 2010-жылга салыштырмалуу 3,0 эсеге өстү. [Бабосюк А. В. Кыргыз Республикасындагы туристтик бизнестин өнүгүү деңгээли жана тенденциялары / [Текст] А. В. Бабосюк, С.Йылмаз, М. И. Бакиров // Илим жана инновациялык технологиялар. –2020.- № 8.- 93-95-б].

Жогоруда көрүнүп тургандай, өлкөдө туристтик ишкердикти өнүктүрүүдө уюшкан туризм тармагы олуттуу орунду ээлейт. 2019-жылга карата бул тармактагы ишканаларга 969,3 миң турист келген же республикалык деңгээлдеги үлүшү 54,5% ды түзгөн. Уюшкан туризм тармагы туристтер үчүн барган сайын жагымдуу болуп баратат. Алсак, акыркы 8 жылда өлкөбүзгө келген зыяратчылардын саны 392,3 адамга көбөйгөн.

Бул тармактын курамы үч топту камтыйт: чет өлкөлүк туристтер, КМШ өлкөлөрүнөн келген туристтер жана ички туризм. Бул топтордун ар биринин

калыптануу баскычтары туристтик бизнес багыттары, туристтерди кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү, аймактарды өнүктүрүү өзгөчөлүктөрү, кирешелердин көлөмү, келечектүү багыттары боюнча түзүлгөн.

**2.1-таблица - Кыргызстандын туризм тармактарында тейленген туристтердин санынын өсүү динамикасы, миң адам**

| Жылдар | Тейленген туристтер, бардыгы | Уюштурулбаган тармак | Уюштурулган тармак | В том числе | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | алыскы чет өлкөлөрдөн | КМШ өлкөлөрүнөн | ички туризм |
| 2010 | 584,3 | 226,6 | 357,7 | 20,2 | 23,7 | 313,8 |
| 2011 | 816,9 | 334,9 | 482 | 32 | 52,2 | 397,8 |
| 2012 | 1199,4 | 567,5 | 631,9 | 41,1 | 51,8 | 518 |
| 2013 | 1132,2 | 460,6 | 671,6 | 43,1 | 62,3 | 566,3 |
| 2014 | 1 245,00 | 547 | 698 | 43 | 89,3 | 565,6 |
| 2015 | 1 265,10 | 558,7 | 706,4 | 54 | 90,5 | 562,2 |
| 2016 | 1 273,20 | 645,6 | 627,6 | 66 | 66,2 | 496 |
| 2017 | 1375,1 | 647,3 | 727,8 | 65,8 | 93 | 568,5 |
| 2018 | 1 380,40 | 630,5 | 750 | 86,5 | 98,6 | 564,8 |
| 2019 | 1 778,90 | 809,6 | 969,3 | 73 | 94 | 643 |
| 2020 | - | - | 256,247 | 70,349 | 12,349 | 236,876 |

*Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы.*

2019-жылы ички туризмде 643,0 миң адам же республика боюнча жалпы туристтердин 79,4% эс алган. 8 жыл ичинде (2012-2020-жж.) туристтердин саны 487,3 миң адамга өстү 2.1-таблицадагы маалыматтар.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, туристтик бизнести натыйжалуу өнүктүрүп, ири кирешелерди тапкан көптөгөн мамлекеттер инвестиция тартуу менен тыгыз байланыштуу иш жүргүзүшөт. Республиканын бай жаратылыштык-рекреациялык, тарыхый-маданий, ресурстук потенциалын өздөштүрүү, тиешелүү региондордун өзгөчөлүктөрүн толук эске алуу менен техникалык-экономикалык сапаттуу инвестициялык долбоорлорду даярдоонун негизинде инвестицияларды тартуу азыркы учурдун негизги милдети болуп саналат. Эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү туристтик бизнести калыптандыруу инвестицияларды тартуу жана аларды натыйжалуу пайдалануу аркылуу гана ишке ашат.

Белгилей кетүүчү нерсе, өлкөнүн ИДПсында туризмдин үлүшү 2020-жылы 2,9% ды түзгөн же 2019-жылга салыштырмалуу 2,2% га төмөндөгөн, 2.2-таблицадагы маалыматтар. Бул көрсөткүчтөр башка мамлекеттерге караганда бир топ төмөн. Ички жана өлкөгө кирүүчү туризмдин жетишсиз өнүккөндүгү бир катар факторлордун таасирине байланыштуу.

**2.2-таблица - Кыргызстандагы туризмдин экономикалык көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2020-ж 2016 –ж карата % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Туризм тармагынын дүң продукциясы, млн. сом | 50 757,8 | 61 695,4 | 65 694,5 | 73 745,5 | 40 473,8 | 79,7 |
| Ички дүң продуктунун көрсөткүчтөрү, млн сом | 21 673,8 | 26 323,1 | 28 720,5 | 31 622,2 | 17 079,3 | 78,8 |
| Ички дүң продуктунун үлүшү, % | 4,6 | 5,0 | 5,0 | 5,1 | 2,9 | 63,0 |
| Келген туристтердин саны, миң адам | 1 273,2 | 1 375,1 | 1 380,4 | 1 778,9 | 463,9 | 36,4 |
| Кызматкерлердин саны, адам | 8 284 | 8 474 | 8 485 | 8 931 | 7 212 | 87,0 |
| Экспорттук көрсөткүчтөр, млн. АКШ доллары | 415,6 | 418,2 | 453,4 | 613,1 | 120,4 | 29,0 |
| Импорттук көрсөткүчтөр, млн. АКШ доллары | 437,3 | 345,6 | 275,5 | 379,8 | 78,7 | 18,0 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. АКШ доллары | 17 452,6 | 22 795,1 | 25 757,4 | 27 184,2 | 13 653,9 | 78,2 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин материалдарынын негизинде автор тарабынан иштелип чыккан .

Кыргызстанда башка мамлекеттердегидей эле туристтик кызматтардын экспорттук көрсөткүчү бир жагынан туристтик бизнестин өнүгүү деңгээлин көрсөтсө, экинчи жагынан экономиканын тармактарында туризм өндүрүшүнүн маанисин аныктайт. Изилдөө көрсөткөндөй, республиканын туристтик кызматтардын бир нече жылдарга карата экспорттук жана импорттук көрсөткүчүнүн өнүгүү тенденциясы республикада туристтик бизнес дагы эле чабал өнүгүп жаткандыгын көрсөтүп турат.

2020-жылы туризм тармагында экспорттон түшкөн валюталык кирешелердин көлөмү 120,4 миллион долларды түздү же 2016-жылга салыштырмалуу 295,2 миллион долларга аз. Ошол эле учурда мурдагы СССРдин айрым бир республикаларында туризм бизнеси тез өнүгүп, келген туристтердин саны өсүп, кирешелер көбөйүүдө. Маселен, Грузияда туризм экономиканын тармагы катары өзгөчө акыркы жылдары олуттуу ийгиликтерге жетишүүдө. 2019-жылы мурунку СССР республикаларында туризм бизнесинен түшкөн кирешелер: Азербайжанда - 1 792 миллион долларды, Грузияда - 3 269 миллион долларды түздү.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, дүйнөдө, региондордо, айрым мамлекеттерде, биздин республикабызда жана анын региондорунда туризм индустриясын өнүктүрүүнүн учурдагы тенденциясынын айрым экономикалык көрсөткүчтөрүн, атап айтканда, туристтердин санынын өсүшүн, накталай кирешелердин көбөйүшүн талдоо деңгээлинде туризм бизнеси экономиканын эң келечектүү тармагы экенин белгилей кетүү керек. Ошондуктан, калктын социалдык-экономикалык абалын жана казынага акча каражаттарынын келип түшүүсүн жакшыртуу үчүн туризм бизнесинин артыкчылыктуу багыттарын натыйжалуу өнүктүрүүнү мамлекеттик деңгээлде туура, илимий негизде аныктоо эң орчундуу маселе болуп саналат.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасында туризм тармагын андан ары өнүктүрүүгө тоскоолдук кылган бир катар көйгөйлөр бар. Алардын негизгилерининин бири - туристтик инфратүзүмдүн өнүгүүсүнүн төмөн деңгээли, өлкөнүн дээрлик бардык автомагистралдарында жол жээгиндеги сапаттуу инфратүзүмдүн жоктугу.

Комплекстүү коопсуздук системасы белгиленген талапка ылайык уюштурулган эмес. Мейманканалар жана конок үйлөрү өз конокторунун мүлктүк жана дене-бой коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү. Ошондо гана бул бизнес чөйрөсү атаандаштыкка жөндөмдүү боло алат.

Туризм тармагын андан ары өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири тейлөөнүн төмөн сапаты жана тейлөө персоналынын квалификациясынын төмөндүгү болуп саналат, бул жагдай Кыргызстанга эл аралык жана региондук туристтик рыноктордо татыктуу атаандашууга мүмкүндүк бербейт. Республиканын жогорку окуу жайлары башкаруучу кадрларды даярдоону жүргүзүп жатканына карабастан, билим берүү рыногунда техникалык кадрларды даярдоо боюнча сунуштар дээрлик жок.

**“Кыргыз Республикасынын туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүүнүн келечеги”** деп аталган үчүнчү бапта туризм тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттары, туристтик ишкердикте башкарууну өркүндөтүү ыкмалары каралды.

Кыргызстанда туризм мамлекеттик деңгээлде экономиканын артыкчылыктуу тармактарынын бири катары таанылган. Туризм тармагын өнүктүрүүнүн негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 4-сентябрындагы Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын туризм тармагын 2010-жылга чейин өнүктүрүү концепциясында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2023-жылдарга туризмди өнүктүрүү программасында белгиленген.

Туристтик ишкердикти натыйжалуу өнүктүрүү үчүн келечекте Кыргызстандын тоолуу аймактарынын эң ири жана ар түрдүү жаратылыштык-рекреациялык потенциалын өнүктүрүү пландаштырылууда. Мамлекеттик деңгээлдеги мындай иш-чаралар өз кезегинде ички жана тышкы туризмди ийгиликтүү өнүктүрүүгө, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү жакшыртууга, эл аралык масштабда өлкөнүн туристтик имиджин түзүүгө чоң салым кошот.

Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдүн туристтик ишкердикти өнүктүрүү боюнча топтолгон тажрыйбасын эске алуу менен туризм объектилерин курууну эки баскычта жүргүзүү зарыл. Алгачкы калыптануу баскычында кошумча каражатты азыраак талап кылган жана көбүрөөк киреше алып келүүчү туризм тармактары (альпинизм, жайлоо туризми, аңчылык, жөө саякат же ат минүү, эстеликтерди зыярат кылуу, жаратылышка баруу ж. б.) пайда болот. Кийинки баскычта ири каражатты талап кылган, бирок экономикалык натыйжалуулугу менен айырмаланган рекреация тармактарын түзүү (атайын маршруттарды уюштуруу, тоолорго асма жолдорду төшөө, ири

мейманканаларды, санаторийлерди, пансионаттарды жана аларга тиешелүү инфратүзүмдүк объектилерди куруу) зарыл.

Республиканын окумуштуулары жана туризм боюнча адистери дүйнөлүк деңгээлдеги туризм рыногунун өнүгүү тенденцияларын ар тараптуу изилдөөнүн негизинде туризм ишкердигин өнүктүрүүнүн төмөнкү үч келечектүү багытын иштеп чыгышты:

- курорттук-рекреациялык туризм (пансионаттар, санаторийлер, эс алуу үйлөрү) 80-90%;
- Улуу Жибек Жолундагы туризм (жаратылыш объектилери, тарыхый-маданий жана этнографиялык комплекстер) 7-14%;
- тоо туризми (альпинизм, экотуризм, жайлоо туризми, треккинг, ат туризми, рафтинг, аңчылык, ошондой эле фауна, флора, археология, геология жана башка изилдөөлөр менен байланышкан турлар) 3-6%. (3.1-сүрөт).




**3.1-сүрөт. Туристтик бизнести өнүктүрүүнүн негизги багыттары (түрлөрү боюнча, %).**

*Булак: Автор тарабынан иштелип чыккан*

Туристтик бизнести өнүктүрүүнүн үч артыкчылыктуу келечектүү багыттарын талдоо көрсөткөндөй, республиканын аймактарында туризмди өнүктүрүүнүн комплекстүү кластерин, потенциалын, келечектүү багыттарынын өзгөчөлүктөрүн калыптандыруу өз кезегинде өлкөнүн ички дүң продуктысынын көлөмүнүн өсүшүнө салымын кошот.

Белгилей кетсек, дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө кластердик механизмди натыйжалуу пайдалануу менен экономиканын тармактарын, анын ичинде туристтик бизнести ийгиликтүү өнүктүрүү боюнча чоң тажрыйба бар.

Республикадагы түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен региондордо туристтик кластерлерди түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоо жана комплекстүү иштеп чыгуу зарыл.

Алыскы өлкөлөрдөн келген туристтердин саны, туристтик ишкердикти өнүктүрүү үчүн жетиштүү ресурстук потенциалы боюнча Нарын облусу Кыргызстандын аймактарынын арасында мурдагыдай эле алдыңкы орунду ээлей турганын эске алып, Кыргызстанда туризм кластерин түзүү боюнча илимий-изилдөө иштерин бул аймакта баштоону туура деп эсептейбиз.

Келечекте бул аймакта туристтик ишкердикти кластердик жол менен калыптандыруу жана адистештирүү тоолуу жаратылыштык-климаттык шарттардын, рекреациялык, тарыхый-маданий потенциалдын негизинде ишке ашырылат. Аймактын Кытай Эл Республикасы менен чектеш жайгашкандыгы, Бишкек-Балыкчы-Нарын-Торугарт-Үрүмчү автожолунун бул аймак аркылуу өтүшү өз кезегинде эл аралык туристтик бизнестин бир катар түрлөрүн өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

Нарын облусун изилдөөнүн жыйынтыгында биз туристтик экспортту өнүктүрүү стратегиясынын негизги багыттарын иштеп чыктык. Туристтик ишкердик үчүн кластерлерди өнүктүрүү өз кезегинде тоолуу шарттарда, экологиялык, рекреациялык, билим берүүчү, окуялуу, тоолуу, альпинисттик түрдөгү туристтик комплексти түзүүгө өбөлгө түзөт.

Кластердин түзүлүшү алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин агымын гана көбөйтпөстөн, өлкө казынасына акча каражаттарынын агымын көбөйтүп, заманбап инфратүзүмдү калыптандырат, бийик тоолуу аймакта жашаган, жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга чоң салым кошот, 3.1-таблицадагы маалыматтар.

**3.1-таблица - Нарын облусунда туристтик ишкердик кластерин түзүүнүн стратегиялык багыттары**

| Туристтик кластер | Артыкчылыктары | Болжолдонгон тоскоолдуктар | Стратегия түзүү |
|---|---|---|---|
| Адам капиталы | Аймакта эмгек капиталынын саны жетиштүү | Калктын төлөөгө жөндөмдүүлүгү төмөн | Туристтик ишкердиктин ишмердүүлүгүн өркүндөтүү |
| Акча капиталы | Инвестициялык жагымдуулук | Туристтик ишкердикке инвестиция тартуу үчүн калдыктык ыкма | Чакан мейманканаларды, конок үйлөрдү, боз үй комплекстерин курууга алгачкы финансылык салымдар |
| Туристтик ишкердиктин инфратүзүмү | Жогорку сапаттагы транспорттук түйүндөрдү жана заманбап эл аралык аэропортторду жайгаштыруу | Оюн-зоок инфратүзүмү чабал өнүккөн | Заманбап талаптарга жооп берген инфратүзүм тутумун өнүктүрүү. Облустун аймагы аркылуу өткөн Улуу Жибек жолунун инфратүзүмүн эл аралык деңгээлдеги талаптарга ылайык куруу |
| Облустук административдик инфратүзүм | Аймактык түзүмдөр тарабынан туристтик ишкердикти ар тараптуу колдоо | Административдик туризм ишкердигинин түзүмү өнүккөн эмес | Облуста чет элдик туристтер менен иштөө департаментин ачуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Заманбап маалыматтык жана инновациялык инфратүзүм | Облустун туристтик ишкердиги жөнүндө сайттар | Облустун туристтик жерлери жана ишкердиктин өнүгүшү тууралуу маалыматтын жетишсиздиги | Нарын облусунда туристтик бизнес, кооз жаратылыш жерлери, мейманканалар жана эс алуу зоналары тууралуу жетиштүү маалыматты камтыган атайын веб-сайт түзүү |
| Илимий-техникалык жана инновациялык-технологиялык инфратүзүм | Туристтик ишкердик менен алектенген адамдарды калыптандыруу | Туризм ишкердигин илимий-изилдөө түзүмүнүн жоктугу | Туристтик ишкердик боюнча илимий-изилдөө борборун түзүү жана аны тиешелүү кызматкерлер менен камсыздоо |
| Табигый рекреациялык-туристтик потенциал | Аймагынын 70% дан ашыгын тоолор ээлейт. Жаратылыштык-рекреациялык ресурстарга, маданий жана тарыхый эстеликтерге бай. Дарыялар, көлдөр, минералдык суулар бар. Көчмөндөрдүн жашоо образын чагылдырган каада-салт, үрп-адаттар сакталып калган. | Жаратылыштык-рекреациялык потенциалдын көп бөлүгү али өздөштүрүлө элек | Биринчи кезекте тоо кыркаларын, Соң-Көлдү, Нарын дарыясын, минералдык сууларды өздөштүрүү керек. |
| Туристтик компаниялардын ортосундагы атаандаштыктын деңгээли | Бул көрсөткүч орточо бойдон калууда | Туристтик экспорттун өсүшүнүн орточо деңгээли калыптанды | Ири туроператорлордун түзүлүшү туризм ишкердигиндеги атаандаштыкты күчөтөт |
| Өнүккөн өлкөлөрдөн туристтер келиши | Табигый-рекреациялык потенциалдын көп түрдүүлүгү жана жетиштүүлүгү | Даярдалган кызыктуу маршруттардын аз санда болушу | Жайлоо туризмин, дарычылыгы бар курортторду, лыжа базаларын, альпинизмди өнүктүрүү. Улуу Жибек Жолу боюнча каттамдарды калыптандыруу |
| КМШ өлкөлөрүнөн келген жана жергиликтүү калктан турган туристтер | Туристтик эс алуу жайларынын болушу | Туристтик эс алуулардын салыштырмалуу кымбаттыгы | Арзан эс алуу жайларын куруу жана ар кандай маршруттарды даярдоо |

*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, Ысык-Көл курорттук аймагында, биринчи кезекте Чыгыш кичи районунун аймагында, кооз тоолордун жана рекреациялык ресурстарга бай капчыгайлардын арасында туристтик ишкердикти өнүктүрүү максатында чакан комплекстерди куруу пландалууда. Аларга негизинен чакан мейманканалар, кемпингдер, мотелдер, ботелдер жана өзгөчө

боз үйлөр кирет. Алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин басымдуу бөлүгү боз үйгө, анын жасалгаларына абдан ынтызар, алар анда түнөп, жашаганды жактырышат.

Статистикалык маалыматка ылайык, 2019-жылы Кыргызстанга дүйнөнүн экономикалык өнүккөн өлкөлөрүнөн, анын ичинде Германия, Корея, Индия, АКШ, Франция, Япония, Австрия, Италия, Польша, Түркия, Швейцариядан 82279 турист келген. Анын ичинен Ысык-Көлдүн курорттук аймагында 10 948 турист эс алды, бул акыркы 5 жылга салыштырмалуу 1,8 эсеге көп. Биздин эсептөөлөр боюнча 2026-жылы алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны 132,9 миң адамды түзөт.

Кыргызстандын туристтик бизнесинин учурдагы абалына комплекстүү баа берүү өз кезегинде мамлекеттик деңгээлде али толук чечиле элек айрым көйгөйлөрдүн бар экенин көрсөтүп турат. Алардын негизгилери – жетишсиз натыйжалуу инвестициялык чөйрө, чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга байланышкан ченемдик-укуктук базанын жетишсиз калыптанышы, ошондой эле финансы рыногунун жетишсиз өнүгүүсү болуп саналат.

Туристтик ишкердикти туруктуу калыптандыруу маселесин өз убагында чечүүгө багытталган мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү мамлекеттик, бизнес жана калктын каражаттарын топтоонун натыйжалуу жолдорунун бири болуп саналат. Учурда мындай алгылыктуу ыкма көптөгөн өлкөлөрдүн экономикасынын тармактарын, анын ичинде туристтик ишкердикти өнүктүрүү үчүн кеңири колдонулат.

Белгиленген максатты ишке ашырууга, аткарууга негизделген мына ушундай прогрессивдүү багытты ар тараптуу изилдөөнүн натыйжасында, аны республиканын экономикасынын тармактарын өнүктүрүүдө колдонуу үчүн 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө» атайын мыйзам кабыл алынган. (2012-жылдын 22-февралынан тартып колдонуудагы “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүн жоготту).

Учурда Кыргызстанда мамлекеттик-жеке өнөктөштүк белгилүү деңгээлде өнүгүп жатат. Мына ушул жагдайга таянып, чет мамлекеттердин тажрыйбасын изилдөөнү улантуу, андан соң биздин республиканын өзгөчөлүгүн толук эске алуу менен анын оң жактарын аймактарыбызда туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө ылайыкташтыруу зарыл. Бул үчүн республикада тиешелүү шарттар жетиштүү. Рыноктук мамлекеттердин механизминин иштеши жеке менчиктин толук калыптанышына, туристтик ишмердүүлүктүн өнүгүшүнө шарт түзөт.

Белгилей кетсек, туристтик ишкердикти өнүктүрүүнү тездетүү үчүн мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү кеңири колдонуу өз кезегинде тышкы да, ички да инвестицияларды тартууга жана натыйжалуу пайдаланууга жардам берет.

Туризм бизнесин туруктуу жана натыйжалуу өнүктүрүү үчүн түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен тиешелүү мамлекеттик органдар төмөнкү иш-чараларды даярдап, жөнгө салышы керек: [Бабосюк А.В. Туристтик ишкердикте башкарууну жакшыртуу [Текст] / К.Атышов, А.В.Бабосюк, М.И.Бакиров // Евразия илимий бирикмеси.- Москва, 2021.- № 43 (74). – 192-195-б]

- туристтик ишкердик чөйрөсүндө мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн шарттарын аныктоо жана аны колдонуу механизмин иштеп чыгуу;

- республиканын аймактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизги принциптерин иштеп чыгуу;

- мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде ишке ашырылуучу туризм тармагынын инфратүзүмдүк объектилерин куруу долбоорлоруна ишкерлердин, ошондой эле калктын катышуусунун экономикалык механизмин кылдат иштеп чыгуу;

- жөнгө салуунун түзүмдүк уюштуруучулук-финансылык негиздерин, ошондой эле өнөктөштөрдүн ортосундагы мамилелерди координациялоо баскычтарын аныктоо;

- ченемдик укуктук чечимдерди инновациялык-маалыматтык түзүм менен камсыздоону уюштуруунун негизги багыттарын даярдоо.

Ошентип, мамлекет республикада жана анын аймактарында туристтик ишкердикти өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоодо туризм тармагынын аймактык-тармактык комплекстеринин балансын камсыздоо, иш менен камсыз кылуунун туруктуу экономикалык саясатын негиздөө, бюджеттин кирешелердин өсүшү жана төлөө балансынын абалын тикелей жөнгө салуу зарыл. Мамлекет менен жеке менчиктин алкагында мамлекет менен бизнестин өз ара аракеттенүүсүн билгичтик менен уюштуруу өз кезегинде туристтик ишкердикти өнүктүрүүнүн негизги артыкчылыктуу багыты болуп калышы ыктымал.

Жайлоо туризми келечекте Кыргызстандын тоолуу аймактарында, анын ичинде Ысык-Көл курорттук аймагында ишкердикти өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири болуп калат. Убакыттын өтүшү менен туризмдин бул түрү өнүгүп, чет өлкөдөн келген туристтердин саны өсүүдө. Келечекте келген туристтердин саны олуттуу көбөйөт.

Биздин эсептөөлөр боюнча 2026-жылы алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны 132,9 миң адамды түзөт 3.2-таблицадагы маалыматтар.

**3.2-таблица - Кыргызстандын аймактарына алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин санынын болжолу**

| Аймактар | 2019 (факт) | Болжолдоо | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 |
| Баткен | 81 | 148 | 157 | 165 | 165 | 183 |
| Жалал-Абад | 1 855 | 2920 | 3130 | 3340 | 3550 | 3761 |
| Ысык-Көл | 10 948 | 14020 | 15154 | 16289 | 17423 | 18557 |
| Нарын | 14270 | 18192 | 19515 | 20838 | 22161 | 23484 |
| Ош обл, Ош ш. | 4260 | 4274 | 4274 | 4895 | 5206 | 5516 |
| Талас | 710 | 999 | 1062 | 1125 | 1188 | 1251 |
| Чүй | 2470 | 2227 | 2432 | 2637 | 2842 | 3047 |
| Бишкек ш. | 47685 | 62471 | 66136 | 69801 | 73466 | 77131 |
| **Бардыгы** | **82 279** | **105253** | **112173** | **119093** | **126013** | **132933** |

*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын аймактарына келген туристтердин санын болжолдоо үчүн *экстраполяция* методу колдонулган.

Көрүнүп тургандай, азыр экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдөн келген туристтердин басымдуу бөлүгү Ысык-Көл курорттук аймагынын Чыгыш

кичи районундагы бир катар туристтик-рекреациялык эс алуу жайларына барышат.

Жогорудагы таблицага ылайык, алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны кеминде 1,7 эсеге көбөйөт. Учурдагы кырдаалды эске алуу менен аймактагы келечектеги туристтик кластердин картасы (схемасы) даярдалды. Кластердин негизин алты компонент түзөт: анын өзөгү, административдик блогу, ресурстук потенциал, кызмат көрсөтүүчүлөр, туристтердин түрлөрү жана көмөкчү блок. Алардын ар бири өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ, эл аралык деңгээлде туристтик ишкердиктин өнүгүшүнө салым кошот.

Белгилей кетсек, бул элементтердин көбү кластердик өндүрүш процессинин калыптанышына, кеңейишине жана өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизет, ал эми айрымдары кыйыр түрдө таасир этет. Каракол шаары, “Каракол” лыжа базасы, Көк-Жайык өрөөнүндөгү азыркы жана келечектеги боз үйлөр кластердин түзүлүшү үчүн негизги колдоо аймактары болуп саналат (3.2-сүрөт).




*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

**3.2-сүрөт. Ысык-Көл курорттук аймагындагы Чыгыш кичи районунун туристтик кластеринин картасы (схемасы)**

Биз өткөргөн SWOT-талдоонун жыйынтыктары дагы бул чакан аймакта туризмдин жайкы жана кышкы түрлөрүн камтыган, эл аралык деңгээлге толук жооп берген келечектүү туризм кластерин түзүүгө мүмкүн экендигин тастыктайт.

Буга чейинки тажрыйба көрсөткөндөй, изилденип жаткан аймакта чакан жана орто туристтик ишкердикти ийгиликтүү өнүктүрүү, чет элдик туристтерди тартуу жана тейлөө багыттарынын бири – бул келечекте боз үй комплексин пайдалануу болуп саналат. Көп жылдык тажрыйба тастыктап тургандай, алыскы чет өлкөлөрдөн келген туристтер коoздолгон боз үйдө эс алып, чай ичип, түнөгөндү жакшы көрүшөт. Боз үйгө жашап эс алуунун натыйжасында кыргыздын каада-салты, маданияты жана тарыхы менен кеңири таанышууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Мейманкананын баасына салыштырмалуу боз үйлөрдүн баасы кыйла арзан. Кошумча кызматтар да чоң чыгымдарды талап кылбайт. Бирок, келечекте туристтик ишкердиктин өнүгүшү менен мындай кызматтардын баасы алда канча кымбат болот. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн туристтердин агымын көбөйтүү үчүн чакан долбоор сунушталууда. Бул долбоор "Көчмөн" деп аталып, курамына 7 боз үй камтылат. Мындай кичи комплексти Ысык-Көл курорттук аймагынын Чыгыш кичи районунун аймагындагы Көк-Жайык өрөөнүндө куруу пландалууда.

**3.3-таблица - Боз үй “Көчмөн” комплексин жасоого жумшалуучу каражаттардын көлөмү**

| Аталышы | Саны | Баасы, миң сом | Салынган каражаттардын суммасы, миң сом |
|---|---|---|---|
| Конок боз үйлөр (эмеректүү) | 4 | 60 | 240 |
| Маалыматтык-инновациялык боз үй | 1 | 60 | 60 |
| Боз үй кафе | 1 | 50 | 50 |
| Кызматтык боз үй | 1 | 50 | 50 |
| Керектүү жабдуулар (компьютер, принтер, экран, роликтер, стол, отургучтар ж.б.у.с.) | - | 70 | 70 |
| Төшөктөр, килем, туш кийиздер | - | 10 | 10 |
| Суюктуктарды куюуга арналган буюм-тайымдар | - | 8 | 8 |
| Төшөнчүлөр | 25 | 1 | 25 |
| Идиш-аяктар, кутулар, сандыктар | - | 10 | 10 |
| Кошумча керектелүүчү материалдар | - | 40 | 40 |
| Даараткана жабдуулары | 1 | 10 | 10 |
| Ат аянтчасы | 1 | 8 | 8 |
| Жарык берүүчү жабдуулар | 1 | 8 | 8 |
| Ат-көлүк, жылкы | 5 | 50 | 250 |
| Жабдуулар (ээрлер ж.б.) | 5 | 10 | 50 |
| Ашкана жабдуулары (казандар, самоорлор ж.б.) | 3 | 10 | 30 |
| Муздаткыч | 1 | 20 | 20 |
| Жашоо-шартты жакшыртуу боюнча чыгашалар | - | 10 | 10 |
| Жерди ижарага алуу | - | 10 | 10 |
| Жип машинесинин ижарасы, суткасына 4000 сомдон, сезондо 30 күнгө ижара акысын эске алуу менен | 1 | 4 | 120 |

| Бардыгы | | | | 1079 |
|---|---|---|---|---|

*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

Учурда Ысык-Көл облусунун курорттук аймагында туристтерди тейлеген 35 боз үй комплекси расмий каттоодон өткөн. Мындан сырткары өз алдынча тигилген боз үйлөрдүн саны 300дөн ашат. Бирок туристтик мезгилдин талабына толук жооп берген боз үйлөр жетишсиз.

Туристтик ишкердиктин "Көчмөн" деп аталган бизнес долбоору Жети-Өгүз районунун Көк-Жайык өрөөнүндө жайгашат.

Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн толук жабдылган боз үйлөрдү, аттарды, жабдууларды, материалдарды, идиш-аяктарды сатып алууга бөлүнгөн каражаттын жалпы суммасы 1 079 миң сомду түзөт. Анын ичинен жети боз үй сатып алуу үчүн 400 миң сом же бардык чыгымдардын 37,0%ы керектелет 3.3-таблицадагы маалыматтар.

Туристтерге боз үйлөрдө кызмат көрсөтүү, ошондой эле жарнамалык иш-чараларды жүргүзүү үчүн ар кандай адистиктеги кызматкерлер, жумушчулар керектелет. Биздин эсеп боюнча 7 боз үйдү тейлөөгө 9 гана адам керек.

Айлык эмгек акынын өлчөмү 112 миң сомду же 1300 долларды түзөт, 3.4-таблицадагы маалыматтар. Ошондой эле келген туристтердин санына, кассалык түшүүлөрдүн көлөмүнө жараша тынымсыз иштеген кызматкерлерге кошумча акы төлөө каралган. Туруктуу кызматкерлерден тышкары, кошумча жумушчу күчү талап кылынышы мүмкүн.

**3.4-таблица - "Көчмөн" боз үй комплексине талап кылынган кызматкерлер жана айлык акысы**

| Кызматы | Саны | Айлык маянасы, миң сом | Төлөм фонду, миң сом | |
|---|---|---|---|---|
| | | | бир айга | 1 сезонго 3,5 ай |
| Менеджер-бухгалтер | 1 | 15 | 15 | 52,5 |
| Туроператор | 1 | 13 | 13 | 45,5 |
| Тутумдук администратор | 1 | 12 | 12 | 42 |
| Гид-жокей | 1 | 13 | 13 | 45,5 |
| Жабдуучу, айдоочу | 1 | 13 | 13 | 45,5 |
| Ашпоз, идиш жуугуч | 2 | 13 | 26 | 91 |
| Официант, үйдү тазалагыч, кир жуугуч | 1 | 10 | 10 | 35 |
| Коопсуздук кызматы, электрик | 1 | 10 | 10 | 35 |
| **Бардыгы** | **9** | **99** | **112** | **392** |

*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

Долбоордун корутунду бөлүгүндө негизги көрсөткүч болуп "Көчмөн" комплексин даярдоого жана иштетүүгө багытталган инвестициялык капиталдын кайтарымдуулугун аныктоо болуп саналат. Биздин эсептөөлөр боюнча, пландаштырылган мезгилде туристтер 80% келсе, анда каражат толугу менен кайтарылып, таза киреше 1457,79 миң сомду түзөт. Эгерде бардык болочок туристтер боз үй комплексинин кызматынан пайдаланышса, анда таза кирешенин көлөмү 2202,19 миң сомго жетет, же 80% түзгөн туристтердин кирешесинен 1,5 эсеге көп болот, 3.5-таблицаны караңыз.

**3.5-таблица - "Көчмөн" комплексинде ишмердүүлүктү жүргүзүүдөгү кирешелер жана чыгашалар**

| Кирешелер жана чыгашалар статьясы | Иш менен камсыз болуу деңгээли, миң сом | |
|---|---|---|
| | **100%** | **80%** |
| Сатуу көлөмү | 5050,5 | 4040,4 |
| Комплексти түзүүгө жумшалган каражаттар | 1079 | 1079 |
| Тамак-аш азыктары | 915 | 732 |
| Дүң киреше | 5050,5 | 4040,4 |
| Эмгек акы | 392 | 392 |
| Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү (17,25%) | 67,62 | 67,62 |
| Башка чыгашалар (анын ичинде күйүүчү-майлоочу майлар) | 150 | 150 |
| Пайда | 2446,88 | 1619,78 |
| Киреше салыгы (10%) | 244,69 | 161,99 |
| Салыктардан кийинки таза киреше | 2202,19 | 1457,79 |
| Жүгүртүү кирешеси (салыктардан кийин) | 43,6 | 36,08 |

*Булак: автор тарабынан иштелип чыккан*

«Көчмөн» комплексинин ийгиликтүү иштешине, туристтердин келүүсүнө жана жакшы эс алуусуна бир катар факторлор жана шарттар таасир этет. Мындай факторлордун негизин өлкөдөгү саясий кырдаалдын туруктуулугу, дүйнө мамлекеттерин толугу менен каптаган коронавирус өңдүү оорулардын кайталанбашы, экономика тармактарынын тез өнүгүүсү, инфратүзүмдүн эл аралык талаптарга жооп берген деңгээли, маркетинг саясатын туура иштеп чыгуу, туризм рыногун ар тараптуу изилдөө, туристтик ишкердүүлүктү калыптандыруу, уюштуруучулук жана экономикалык маселелерди өз убагында чечүү маселелери түзөт.

Ошентип, бул инвестициялык долбоорду ишке ашыруу, бир жагынан, рекреациялык потенциалды, туристтик бизнести өнүктүрүүгө, жергиликтүү калктын социалдык көйгөйлөрүн чечүүгө, улуттук маданиятты, салттарды сактоого, аларды өнүктүрүүгө, экинчи жагынан, ички атаандаштыктын күчөшүнө, дүйнөнүн алыскы өлкөлөрүнөн келген туристтердин санынын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт.

## КОРУТУНДУ

Туристтик ишкердикти өнүктүрүү тенденцияларын изилдөөнүн натыйжасында келип чыккан көйгөйлөрдү жана аны чечүү жолдорун аныктоонун жыйынтыгы боюнча төмөндөгү илимий-теориялык жана практикалык корутундулар чыгарылды:

1. Жаратылыштык-рекреациялык ресурстарды комплекстүү өздөштүрүүнүн, тарыхый-маданий потенциалды пайдалануунун, прогрессивдүү ыкмаларды киргизүүнүн негизинде туристтик ишкердикти калыптандыруу жана өнүктүрүү тигил же бул өлкөдө туристтик ишкердикти натыйжалуу өнүктүрүүгө, туризм рыногунун сегменттерин кеңейтүүгө шарт түзөт,

натыйжада калктын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн деңгээли олуттуу түрдө жогорулайт;

2. Изилдөө көрсөткөндөй, кээ бир тышкы жана ички факторлор туристтик ишкердиктин калыптанышына, өнүгүшүнө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга оң таасирин, ал эми кээ бир факторлор терс таасирин тийгизет. Тышкы факторлор туристтик бизнестин өнүгүшүнө таасиринин туруктуулугу менен айырмаланат, ички факторлор, тескерисинче, пайда болгон жагдайларга жараша тез өзгөрүп турат;

3. Жаратылыштык жана рекреациялык ресурстардын уникалдуу жайгашуусуна, сапаттуу тарыхый-маданий объектилердин көптүгүнө карабастан, тилекке каршы, көптөгөн башка өлкөлөргө караганда өлкөбүздө туристтик ишкердиктин өнүгүүсү, бир топ төмөн, инфратүзүм начар өнүккөн, кызмат көрсөтүүлөр эл аралык стандарттарга жооп бербейт;

4. Биздин эсептөөлөр боюнча, 2026-жылы Кыргызстанга чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны 2019-жылга салыштырмалуу 1,6 эсеге көбөйөт. Туристтердин саны боюнча алдыңкы үчтүктө мурункудай эле Нарын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустары турат. Ошондуктан, эл аралык туризмди өнүктүрүү үчүн жаратылыштык-рекреациялык ресурстардын потенциалын эске алуу менен Нарын облусунда кластердик негизде бир катар адистештирилген туристтик объектилерди калыптандыруунун стратегиялык багыттары иштелип чыкты;

5. Туристтик ишкердикти мындан ары өнүктүрүү, алыскы чет өлкөлөрдөн туристтерди тартуу, жергиликтүү калктын иш менен камсыз болушун камсыздоо, ажайып жаратылыштык-рекреациялык ресурстарды кеңири жарнамалоо, жайлоо туризми менен тааныштыруу максатында Ысык-Көл облусунун курорттук аймагы болгон Көк-Жайык жайлоосунда «Көчмөн» бизнес долбоору иштелип чыкты. Долбоорду ишке киргизүү үчүн 1079 миң сом сарпталат. Эгерде пландаштырылган туристтердин 80% камсыз кылынса, анда сарпталуучу инвестициялык каражаттар толугу менен кайтарылып, 4040,4 миң сом өлчөмүндө киреше алып келет;

6. Туристтик ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча мамлекеттин экономикалык саясатын жөнгө салуунун башкы багыты катары туристтик продуктуну дүйнөлүк рынок сегментинде алга жылдыруу ишин активдештирүү, маалыматтык-инновациялык, маркетингдик стратегияны иштеп чыгуу, инвестиция тартуу үчүн мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү кеңири колдонуу сунушталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациялык иш боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында туристтик ишкердикти калыптандыруу жана өнүктүрүү максатында төмөнкү практикалык сунуштар иштелип чыкты:

1. Туризм рыногун системалуу изилдөө, атаандаштыкты күчөтүү, маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү, туристтик комплекстерди түзүүдө

кластердик ыкманы кеңири колдонуу өз кезегинде туристтик ишкердикти натыйжалуу өнүктүрүүнү тездетүүгө, анын тармактарын адистештирүүгө, чет өлкөлүк туристтердин санын көбөйтүүгө, бюджетке келип түшкөн каражаттардын өсүшүнө олуттуу салымын кошот;

2. Туристтик ишкердикти калыптандырууга, анын тармактарынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга тышкы жана ички факторлордун таасирин туура аныктоо үчүн ар бир элементти өзүнчө албастан, алардын жыйындысын эске алуу зарыл.

3. Мамлекеттик органдар ар түрдүү жаратылыштык-рекреациялык ресурстарга, тарыхый-маданий потенциалга экономикалык баа берүүнүн натыйжаларын, туристтик ишкердиктин, инфратүзүмдүк комплекстин өнүгүү тенденцияларын талдоону базалык материал катары туризм концепциясын жаңылоо, туристтик бизнестин негизги багыттарын аныктоо үчүн колдоно алат;

4. Туристтик бизнести өнүктүрүүнүн негизги багыттарын талдоонун жыйынтыгында Нарын облусунда туристтик кластерди түзүү боюнча иштелип чыккан стратегиялык багыттардын материалдары республиканын башка аймактарында дагы кластердин негизинде ишкердикти калыптандырууда тиешелүү натыйжаларды бере алат;

5. Бийик тоолуу шарттарга шайкеш даярдалган бизнес-долбоорду түзүү өз кезегинде туристтик ишкердикти натыйжалуу өнүктүрүүгө, анын тармактарын адистештирүүгө, тышкы жана ички инвестицияларды тартууга, калкты жумуш менен камсыз кылууга, чет элдик туристтердин санынын өсүшүнө, ишкерлердин каражатын көбөйтүүгө өбөлгө түзөт.

6. Адис окумуштуулар менен бирдикте туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө байланыштуу маркетингдик, маалыматтык-инновациялык стратегияларды иштеп чыгуу, республиканын туризм тармагын тейлеген мамлекеттик мекемелердин ишин тикелей жөнгө салуу жана каржылоо өз кезегинде күтүлгөн таасирдүү натыйжаларга жетишүүгө көмөкчү болот.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. Бабосюк, А. В. Туризмдеги ишкердик бизнестин элементи жана чарба жүргүзүү түрү катары [Текст]/ А. К. Атышов, А. В. Бабосюк, Р. С. Ибрагимова // М. Рыскулбеков ат. КЭУнун жарчысы - 2017. - № 4 (42). - 81-83-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45595102

2. Бабосюк, А. В. Кыргызстандын аймагында туризмди өнүктүрүүнүн айрым көйгөйлөрү [Текст] / А. К. Атышов, Халил Коч, А. В. Бабосюк // М. Рыскулбеков ат. КЭУнун жарчысы - 2019. - № 1 (46). - 57-60-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45681505

3. Бабосюк, А. В. Кыргыз Республикасында ишкердикти өнүктүрүүнүн экономикалык аспектилери [Текст] / К. А. Атышов, М. И. Бакиров, А. В. Бабосюк // М. Рыскулбеков ат. КЭУнун жарчысы – 2019. – № 1 (46). – 54-56-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45681504

4. Бабосюк, А. В. Туризм секторундагы ишкердикти өнүктүрүүнүн теориялык багыттары [Текст] / М. И. Бакиров, А. В. Бабосюк, Мехмет Али Атеш // М. Рыскулбеков ат. КЭУнун жарчысы – 2019. – № 1 (48). – 118-120-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45148855

5. Бабосюк, А. В. Ишкердикти мамлекеттик колдоонун эл аралык тажрыйбасы [Текст] / К. А. Атышов, А. В. Бабосюк // Илим жана инновациялык технологиялар. – 2020. – № 8. – 89-92-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45620343

6. Бабосюк, А. В. Кыргыз Республикасында туристтик бизнестин өнүгүү деңгээли жана тенденциялары [Текст] / А. В. Бабосюк, С. Йылмаз, М. И. Бакиров // Илим жана инновациялык технологиялар. – 2020. – № 8. – 93-95-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45620344

7. Бабосюк, А. В. Чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүүдө атаандаштыктын экономикалык мааниси [Текст] / А. В. Бабосюк, С. Йылмаз, М. И. Бакиров // Экономика жана бизнес. – Новосибирск, 2021. – № 1. –33-36-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=44704390

8. Бабосюк, А. В. Туристтик ишкердикти өнүктүрүүгө таасир этүүчү ички факторлор [Текст] / С. Йылмаз, А. В. Бабосюк, М. И. Бакиров // Экономика жана бизнес. – Новосибирск, 2021. – №1 (71) – 136-139-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=44704417

9. Бабосюк, А. В. Туризм ишкердигин башкарууну өркүндөтүү [Текст] / К. А. Атышов, А. В. Бабосюк, М. И. Бакиров // Евразия илимий бирикмеси. – Москва, 2021. – №4-3(74) – 192-195-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=45754473

10. Бабосюк, А. В. Зергерчилик өнөр жайынын дүйнөлүк экономикадагы орду жана ролу [Текст] / А. В. Бабосюк // Экономикалык илимдер. – Москва, 2008. – №38. – 425-428-б. www.elibrary.ru/item.asp?id=10025882

**Бабосюк Антонина Викторованын 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы ишкердүүлүктү өнүктүрүү»**

**темасындагы диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** ишкердүүлүк, туризм, экономика, сектор, фактор, эл аралык, өркүндөтүү, тенденция, потенциал, мамлекет, жаратылыштык-рекреациялык, кластер, натыйжалуулук, экономика, инфраструктура, келечек, бизнес-долбоор, регион, комплекс, адистештирүү, рынок.

**Изилдөөнүн объектиси** - Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы ишкердүүлүк.

**Изилдөөнүн предмети** - Кыргыз Республикасынын туризм тармагында ишкердикти өнүктүрүүнүн келечеги.

**Изилдөөнүн максаты.** Изилдөөнүн максаты - туризм тармагында ишкердикти өркүндөтүүнү илимий-теориялык негиздөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору:** экономикалык, салыштырмалуу, статистикалык, экономикалык-математикалык, тутумдук талдоо, болжолдоо.

**Илимий жаңылык -** Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы ишкердик боюнча теориялык жоболор, методикалык жана практикалык сунуштар даярдалды.

**Алынган натыйжалар:** изилдөөнүн негизинде республиканын аймактарында стратегияны кластердик негизде жүзөгө ашыруунун натыйжалуулугу далилденди, тоо шартындагы туристтик ишкердүүлүктүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча бизнес-долбоор даярдалды жана туристтик ишкердикти жөнгө салууну өркүндөтүү максатында мамлекеттик колдоонун экономикалык иш-чаралары иштелип чыкты.

**Пайдалануу даражасы:** изилдөөнүн илимий жыйынтыктары мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан сыноодон өткөрүлдү. Изилдөө материалдары “Кыргызстандагы туризм”, “Туризмдин негиздери”, “Туризм бизнесин башкаруу” дисциплиналары боюнча курстарды иштеп чыгууда, ошондой эле магистрлердин, аспиранттардын, докторанттардын диссертациялык иштерин даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** алынган илимий натыйжаларды жана иштелип чыккан практикалык сунуштарды туристтик ишкердиктин стратегиялык багыттарын аныктоодо туризм тармагын өнүктүрүүгө багытталган саясатты жүргүзгөн мамлекеттик органдар тарабынан колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Бабосюк Антонины Викторовны на тему «Развитие предпринимательства в туристском секторе Кыргызской Республики», представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством.**

**Ключевые слова:** предпринимательство, туризм, экономика, сектор, фактор, международный, совершенствование, тенденция, потенциал, государство, придрно-рекреационный, кластер, эффективность, хозяйство, инфраструктура, перспектива, бизнес-проект, регион, комплекс, специализация, рынок.

**Объектом исследования является** предпринимательство в сфере туризма Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** являются перспективы развития предпринимательства в туристском секторе Кыргызской Республики.

**Цель исследования.** Целью исследования является научно-теоретическое обоснование и разработка практических рекомендаций по развитию предпринимательской деятельности в туристском секторе.

**Методы исследования:** экономический, сравнительный, статистический, экономико-математический, системный анализы, прогнозный.

**Научная новизина** заключается в подготовке рекомендаций теоретических положений, методических и практических рекомендаций по вопросам предпринимательской деятельности в туристском секторе Кыргызской Республики.

**Полученные результаты:**на основе проведеного исследования обоснована эффективность реализации стратегии развития на кластерной основе в регионах республики, подготовлен бизнес-проект для повышения экономической эффективности туристского предпринимательства в горных условиях, а также разработаны экономические меры государственной поддержки по улучшению регулирования туристского предпринимательства.

**Степень использования:** Научные результаты были апробированы в органах государственного управления. Материалы исследований могут быть использованы при разработке курсов дисциплин: «Туризм в Кыргызстане», «Основы туризма», «Управление туристическим бизнесом», а также при разработке диссертационных работ магистров, аспирантов, докторантов.

**Область применения:** полученные научные результаты и выработанные практические рекомендации могут быть использованы государственными органами, проводящими политику направленную на развитие индустрии туризма, при определении стратегических направлений туристского предпринимательства.

## SUMMARY

**Babosyuk Antonina Viktorovna's dissertation on the topic "Development of entrepreneurship in the tourism sector of the Kyrgyz Republic", for the degree of candidate of economic sciences in the specialty 08.00.05 - economics and national economy management**

**Key words:** entrepreneurship, tourism, economy, sector, factor, international, improvement, trend, potential, state, nature-recreational, cluster, efficiency, economy, infrastructure, perspective, business project, region, complex, specialization, market.

**The object of the research** is entrepreneurship in the tourism sector of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the research** is the prospects for the development of entrepreneurship in the tourism sector of the Kyrgyz Republic.

**Purpose of the study.** The aim of the study is a scientific and theoretical substantiation and development of practical recommendations for the development of entrepreneurial activity in the tourism sector and the implementation of the development of the tourism complex in the Kyrgyz Republic.

**Methods of research:** economic, comparative, statistical, economic and mathematical, system analysis, predictive.

**Scientific novelty** lies in the preparation of recommendations for theoretical provisions, methodological and practical recommendations on business in the tourism sector of the Kyrgyz Republic.

**Achieved results:** on the basis of the study, the effectiveness of the implementation of the strategy at the regional level on a cluster basis was substantiated, a business project was prepared to increase the economic efficiency of tourism entrepreneurship in mountainous conditions, and economic measures of state support were developed to improve the regulation of tourism entrepreneurship.

**Utilization rate:** Trahe scientific results have been validated in government bodies. The research materials can be used in the development of courses of disciplines: "Tourism in Kyrgyzstan", "Fundamentals of tourism", "Tourism business management", as well as in the development of dissertations of masters, graduate students, doctoral students.

**Field of application:** the obtained scientific results and developed practical recommendations can be used by state bodies pursuing a policy aimed at the development of the tourism industry in determining the strategic directions of tourism entrepreneurship.

Формат 60x84 1/16
Бумага офсетная. Гарнитура «Times». Объем 1,75 п.л.
Печать офсетная. Тираж 100 экз.
Отпечатано в типографии «Аракет-принт»